88

# ДЕЛО

Спецфонд
инв. 89/500-4015

№ ______

Казыбектиҥ ырлары
(туркускалыҥ ордына кочур-
мосу машинкаланыҥ кожыду)

Начато ______ 19__ г.
Окончено ______ 19__ г.

## БИРИНЧИ КАЗАЛ

.........................

Кандайда болсоң бир өзүң
Кабардар болчу алымдан!
Акырында Аба эне,
Ак Расул дагы өткөн.
Аси жафи үммөт деп
Айтып-айтып зар өткөн.
Омор,Осмон-чарияр
Абубакир,Аалылар-
Мындай асыл баары өткөн.
Отуз үч миң сааба
Олуялар дагы өткөн.
Таажысы бар башында
Так Сулайман дагы өткөн.
Лаилаха иллала
Пайгамбарым Мухаммет
Тили келген келмеге
Дин мусулман сага үммөт.
Улук менен курандын,
Урматы үчүн булардын
Гафурдаис атындан
Бир нажатлык сураймын,
Кафур эткин бир алла,
Каталык кетсе тилимден.
Кайрылып жардам тилеймин
Гайуз,Кыяз пиримден.

Азирети Кызыр пайгамбар,
Артында кырк чилтендер
Тиер бекен жардамың!
Тилеги жетсе бенденин
Эр Бабедин шайыктер,
Пирим медет кылбасаң,
Бир тыйынча пайда жок
Миң куну мен ырдасам.
Кудай суйгөн жан үчүн,
Курбан болгон Ак үчүн,
Йа Ысмайыл байгамбар
Жалбарамын ал үчүн.
Эки шейит эр бала
Ымамлардын каны үчүн,
Кадыр Алла,бер медет
Карыплардын алы үчүн!
Асан бала Үсейүн
Азиреттин жаны эле,
Атасы Аалы Кудаанын
Анык суйгөн шери эле.
Азирети Фатима
Жанымбалам дээр эле.
Эгиз куйгөн шам чырак
Эки ааламга бек эле.
Атаңа наалат жезиттер
Аларга кылган зулматты,
Сураса да бир кашык
Суу бербестен кууратты.
Опасыз жалган дүнүйө,
Ойлончу,кимди жыргатты.

Баян кылам азыраак
Баштан өткөн жумушту.
Бар кудайдын тагдыры
Балык жуткан Жунусту.
Кырк күн балык ичинде
Кылды насип турушту.
Жараткан,өзүң билесиң
Жакшы-жаман кылышты.
Залал жетпей ошондон
Сак-саламат бошонгон.
Кыйносунда өкүмдүн
Кызыл өңүм бозоргон.
Ййменбей алып таштаңыз
Ийриси болсо сөзүмдөн!
Райым кыл,Зулжалал,
Иш өткөндүр өзүмдөн.
Азирети Айыпты
Үч жыл курт жеп айыкты.
Азап тартып анучүн
Алда канча зарыкты.
Жармашып курт жабылды,
Жаратканга жалынды.
Миң жеримен тешилип,
Мүңкүр болуп сабылды.
Калбырлап курт жегенде
Катуу тараткан жабырды.
Ал ошончо балаага
Айып кылган сабырды.
Билдиремин өтүнүп
Бир өзүңө алымды.

Кезеги менен жалгасаң
Кетиреросиң арымды.
Алла Таала Кудайым
Аман койсо жанымды.
Алты тыйын пул болуп,
Агасына кул болуп,
Айланайын атыңдан,
Азирети Жусуп сатылган.
Ырайым кыл Зулажалал
Ибарат алган ушундан.
Жети жатып зынданда
Жетилип аңдан кутулган.
Акылың болсо ар иштин
Артында жок залалы
Кудурети улук Зулжалал
Куткарып мындан алабы?
Азатлыкка жетсем деп
Ар бенденин талабы.
Алла Таала баштасаң
Алагды кылбай санааны!
Өз журтуман айрылып,
Кадыр Алла жолуңдан
Калганым бардыр тайгылып.
Калк ичинде курбудан
Каламбы деп айрылып,
Кайрылуу кыл кудурет,
Кандай кылам кайгырып.
Агерекче өтүнөм